**Ош мамлекеттикуниверситетининстуденттерининөндүрүштүк жана**

**Квалификациялык практикадан өткөрүү боюнча**

**КЕЛИШИМ**

Ош шаары "18" апрель 2018 ж

Биз, төмөндөгү кол коючулар, Ош Мамлекеттик университетинин ректору, профессор К.А.Исаков, мындан ары "ОшМУ" Баткен районун шаар куруу жана архитектура жетекчиси Суюнов Эсманали Рахманович

Мындан ары "мекеме"/"ишкана", Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 05.08.2008-ж. №425 токтомуна ылайык "Окуу өндүрүштүк жана квалификациялык практикалар жөнүндө" жобосунун негизинде ОшМУда практикаларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча талаптарга ылайык төмөндөгү келишимди түздү.

**1. "ОшМУ" милдеттенет:**

1.1. Жалпы практикалардын түрлөрүн өткөрүүнүн жумушчу программаларын алдын ала өндүрүшкө сунуштайт жана күндөлүгү менен камсыздайт;

1.2. Адистештирилген кафедрадан практика жетекчисин дайындайт;

1.3. Мыйзам чегинде каралган, ОшМУнун нормативдик документтерине туура келген тартипте өндүрүштөгү практика жетекчилеринин эмгек акыларын ваканциядагы сааттар аркылуу төлөйт;

1.4. Практиканын багыт берүүчү жана жыйынтыктоочу конференцияларын өткөрөт;

1.5. Факультет, колледждердеги студенттерди адистике калыптандыруу менен илимий усулдук жана семинарларды өндүрүш менен биргеликте уюштуруп өткөрөт.

**2. "Мекеменин"/"Ишкана" милдеттери:**

2.1. ОшМУнун ТТГ факультетинин студенттерине практикадан өткөрүү үчүн календарлык планга ылайык 4 орун берет;

2.2. Студенттер үчүн эмгек коопсуздугу боюнча инструктаж өткөрөт;

2.3. Практиканын программасына ылайык студентти керектүү документация менен таанышуусуна уруксат берет;

2.4. ТТГ факультетинин студенттерине өндүрүштүк мекеме ишканалар, ишмердүүлүгү боюнча иш пландары менен тааныштырат жана практикаларын жетектөө үчүн жетиштүү даражадагы адистерди дайындайт;

2.5. эгерде студент практика мезгилинде акы төлөнүүчү жумуш ордуна кызматка же стажерлукка кабыл алынса, ага ишканада колдонулуучу жалпы эмгек мыйзамдарын, эмгекте коргоонун жана ички эмгек тартибин сактоонун эрежелерин, алар менен белгилүү тартипте таанышкандан кийин колдоно алат;

2.6. Өндүрүштүк практиканын аягында ар бир студенттин аткарган жумушунан жана ал даярдаган отчетунун негизинде мүнөздөмө берет.

2.7. Өндүрүш студенттердин практикасынын сапаттуу жүрүшү боюнча сунуш пикирлерин окуу жайга билдирет.

## 3. Тараптардын келишимди аткаруудагы жоопкерчилиги:

3.1. Тараптар КРнын эмгек мыйзамдарынын негизинде практиканы өткөрүү боюнча коюлган милдеттерди аткарууга жоопту;

3.2. Тараптардын ортосундагы келишим боюнча талаштар мыйзам чегинде чечилет;

3.3. Келишим биринчи тараптан "ОшМУ" экинчи тарап "Мекеме"/"Ишкана" кол койгондон кийин өз күчүнө кирет;

3.4. Келишим мөөнөтү 2019-жылдан сентябрь 2025 жылга чейин;

3.5. Келишим эки нускада түзүлөт, бири "ОшМУда" экинчиси "Мекеме"/"Ишкана" сакталат.

Ош мамлекеттик университети

714000 Ош шаары Ленин көч.331

ИНН 0207199610017

Профессор К.А.Исаков

_______________________

Тараптардын дареги

Баткен шаары Нурказиева 53

ИНН 0300 72 00 81 00 14

Баткен рай архитектура

башчысы Ы.Р. Суюнов.

_______________________